КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ

КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69
ОКПО 32659893
ИНН 01203202410386

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛ ОКМОТУ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69
ОКПО 32659893
ИНН 01203202410386

_____№_____

_____ №_____

Ош облусунун жана Ош шаарынын юстиция башкармалыгынын башчысы Жайлообаев Бакыт Канаевичке

Кара-Кулжа районунун Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII чакырылышында кабыл алынган төмөндөгү токтомдорун Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтөбүз.

№	Саны	Чакырылышы	Күнү,айы, жылы	Сессия	Номер	Аталышы
1	2	8	14.09.2026	17	17/1	2026-жылдын алты айынын жыйынтыгы менен Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин аткарылышы жана социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүнүн абалы жөнүндө
2	2	8	14.09.2026	17	17/2	Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылга түзүлгөн жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөрдү жана толук тоолорду киргизүү жөнүндө
3	2	8	14.09.2026	17	17/3	Кара-Гуз айыл аймагындагы “Кара-Гуз Таза суу жана Жайыт” жана “Кеңеш Таза суу жана тазалык” муниципалдык ишканаларын бириктирүүгө макулдук берүү жөнүндө”
4	2	8	14.09.2026	17	17/4	Кара-Гуз айыл аймагынын Алтын-Күрөк айылынан Жетим-Дөбө айылына чейинки келүүчү таза сууга жаңыдан суу түтүкчөлөрүн тартуу үчүн Кара-Кулжа райондук өнүктүрүү фондусуна өткөрүүгө өздүк салымга Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө

5	2	8	14.0.2026	17	17/5	Кара-Гуз айыл өкмөтүндө биргелешкен мониторинг, баалоо тобун түзүү жана жобосун бекитүү жөнүндө
6	2	8	14.09.2026	17	17/6	Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө
7	2	8	14.09.2026	17	17/7	Кара-Гуз айыл аймагындагы Жетим-Дөбө жана Пор айылдарынын элдик жыйындарынын протоколун бекитип берүү жөнүндө
8	2	8	14.09.2026	17	17/8	Кара-Гуз айыл аймагынын гимнин бекитип берүү жөнүндө токтомго толуктоо киргизүү жөнүндө
9	2	8	14.09.2026	17	17/9	Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата түзүлгөн жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө
10	2	8	02.10.2026	18	18/1	2026-жылдын 18-19-декабрында Бишкек шаарында өтө турган кезектеги V Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча айыл аймагында боло турган жыйындардын графигин, жумушчу комиссиянын курамын жана жыйындарга жооптуу депутаттарды бекитүү жөнүндө
11	2	8	02.10.2026	18	18/2	Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине каштуу ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаменти менен Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ортосундагы кызматташуу жөнүндө алкактык макулдашууну бекитип берүү жөнүндө
12	2	8	19.10.2026	19	19/1	«АБанк» ААК аркылуу лизингге атайын техникаларды алуу жана финансылык милдеттенмелерди кабыл алуу жөнүндө

Жогорудагы аталган токтомдор Кара-Кулжа районунун Кара-Гуз айылдык кеңешинин бешинчи чакырылышынын 2013-жылдын 20-февралындагы № 4- “Кара-Гуз айылдык Кенешинин ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик тилде гана кабыл алуу жана мамлекеттик тилде жарыялоо жөнүндөгү” токтомуна негизделип мамлекеттик тилде кабыл алынып, 2026-жылдын 13-ноябрь күнү **https://kara-guz.gov.kg/** сайтына жарыяланды. Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңештин токтомдору: Мамлекеттик тилде 12 токтом (эки) бараста 2 нускада.

Башчы **Н.Иса уулу**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ

КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезектеги он жетинчи сессиясынын жыйналышы

ТОКТОМ № 17/1

2026-жылдын 14-сентябры Жаңы-Талаа айылы

2026-жылдын алты айынын жыйынтыгы менен Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин аткарылышы жана социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүнүн абалы жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү” Мыйзамынын 31-беренесине негиз каралган маселе боюнча айылдык Кенештин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүнүн жана Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Иса уулу Нурдиндин маалыматын угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Иса уулунун 2026-жылдын алты айынын жыйынтыгы менен Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн бюджетинин аткарылышы жана социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүнүн абалы жөнүндөгү отчету кээ бир кемчилдиктери менен канааттандыраарлык деп табылсын.

2.Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.

3. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **С.Ч.Абзаитов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ

КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезектеги он жетинчи сессиясынын жыйналышы

ТОКТОМ № 17/2

2026-жылдын 14-сентябры Жаңы-Талаа айылы

Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылга түзүлгөн жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөрдү жана толук тоолорду киргизүү жөнүндө

Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы бекитилген бюджетине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө финансы экономика бөлүмүнүн башчысы Арзибеков Кубанычтын жана Айылдык Кеңештин туруктуу комиссиясынын маалыматын угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат**:

1. Кара-Гуз айыл өкмөтүнө караштуу аппарат, жайыт, маданият, айыл чарбасы, турак жай жана комуналдык чарба, бала-бакча, жарандык коргону, мектептер боюнча 2026-жылдын бюджетинен каралган төмөндөгү статьяларга өзгөртүүлөр киргизилсин.

2.Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 701- беренесинин 2215 статьясынан 400 000 сом, 704-беренесинин 2215 статьясынан 89 900 сом, 708-беренесинин 2221 статьясынан 100 000 сом, 704-беренесинин 2215 статьясынан 200 000 сом, 706-беренесинин 2215 статьясынан 570 000 сом, 706-беренесинин 3111 статьясынан 1 100 000 сом **жалпы 2 459 900 сом** акча каражаты азайтылсын.

3.701 аппарат 2211 статьясына 173 926 сом, 701 аппарат 2214 статьясына 109 600 сом, 702 жарандык коргонуу 2215 статьясына 100 000 сом, 704 айыл чарбасы 2215 статьясына 500 000 сом, 706 турак жай жана комуналдык чарбасынын 2215 статьясына 725 074 сом, 706 турак жай жана комуналдык чарбасынын 3111 статьясына 1 700 000 сом, 709 мектептер 2221 статьясына 200 000 сом, 708 маданият 2215 статьясына 200 000 сом, 709 бала-бакчасынын 2211 статьясына 50 000 сом социалдык коргоо 2721 статьясына 46 000 сом **жалпы 3 508 600 сом** акча каражаты көбөйтүлсүн.

4.Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин айлык акысы сентябрь айынан баштап жогорулагандыгына байланыштуу 701 аппарат 2111 статьясына 1 662 000 сом жана 2121 статьясына 286 700 сом, 708 маданият 2111 статьясына 780 700 сом жана 2121 статьясына 41 500 сом, 708 китепкана 2111 статьясына 601 700 сом жана 2121 статьясына 41 700 сом **жалпы 3 414 300 сом** акча каражаты кошумча сметага киришгелсин.

5.Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.

6. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

7. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **С.Ч.Абзаитов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ

КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезектеги он жетинчи сессиясынын жыйналышы

ТОКТОМ № 17/3

2026-жылдын 14-сентябры Жаңы-Талаа айылы

Кара-Гуз айыл аймагындагы “Кара-Гуз Таза суу жана Жайыт” жана “Кеңеш Таза суу жана тазалык” муниципалдык ишканаларын бириктирүүгө макулдук берүү жөнүндө”

Кара-Гуз айыл аймагындагы “Кара-Гуз Таза суу жана Жайыт” жана “Кеңеш таза суу жана Тазалык” муниципалдык ишканаларын бириктирүү жолу менен кайра “Кара-Гуз таза суу” муниципалдык ишканасын түзүүгө макулдук берүү жөнүндө Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Иса уулу Нурдиндин маалыматын угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.“Кара-Гуз Таза суу жана Жайыт” жана “Кеңеш таза суу жана Тазалык” муниципалдык ишканаларын бириктирүү жолу менен кайра “Кара-Гуз таза суу” муниципалдык ишканасын түзүүгө макулдук берилсин.

2.Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы: - мамлекеттик тилде: "Кара-Гуз таза суу" муниципалдык ишканасы; - расмий тилде: Муниципальное предприятие "Кара-Гуз таза суу". Кыскача фирмалык аталышы: - мамлекеттик тилде: "Кара-Гуз таза суу" МИ; - расмий тилде:МП "Кара-Гуз таза суу" деп аталсын.

3.Жаңыдан бириктирилип түзүлгөн “Кара-Гуз Таза суу” муниципалдык ишканасынын тиешелүү иш кагаздарын даярдоо, анын жетекчисин дайындоо, Ош юстиция башкармалыгынан каттодон өткөрүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Иса уулу Нурдинге жана муниципалдык ишкананын жетекчилигине милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **С.Ч.Абзаитов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ

КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезектеги он жетинчи сессиясынын жыйналышы

ТОКТОМ № 17/4

2026-жылдын 14-сентябры Жаңы-Талаа айылы

Кара-Гуз айыл аймагынын Алтын-Күрөк айылынан Жетим-Дөбө айылына чейинки келүүчү таза сууга жаңыдан суу түтүкчөлөрүн тартуу үчүн Кара-Кулжа райондук өнүктүрүү фондусуна өткөрүүгө өздүк салымга Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө

Кара-Гуз айыл аймагынын Алтын-Күрөк айылынан Жетим-Дөбө айылына чейинки келүүчү таза сууга жаңыдан суу түтүкчөлөрүн тартуу үчүн Кара-Кулжа райондук өнүктүрүү фондусуна жазылган долбоорунун маалыматын угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Кара-Гуз айыл аймагынын Алтын-Күрөк айылынан Жетим-Дөбө айылына чейинки келүүчү таза сууга жаңыдан суу түтүкчөлөрүн тартуу үчүн Кара-Кулжа райондук өнүктүрүү фондусуна өткөрүүгө өздүк салымга Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен 1 700 000 (бир миллион жети жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2.Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.

3.Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4.Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5.Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **С.Ч.Абзаитов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ

КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезектеги он жетинчи сессиясынын жыйналышы

ТОКТОМ № 17/5

2026-жылдын 14-сентябры Жаңы-Талаа айылы

Кара-Гуз айыл өкмөтүндө биргелешкен мониторинг, баалоо тобун түзүү жана жобосун бекитүү жөнүндө

Муниципалдык кызмат көрсөтүү боюнча маалыматтын ачыктыгын жана жалпыга жеткиликтүүлүгүн арттыруу, жарандарга жана юридикалык жактарга муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу максатында, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары” КР мыйзамынын, КР бюджеттик Кодексинин жана ЖӨБЭММАнын 2019-жылдын 5-сентябрындагы №01-18/84 Биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору жөнүндө Типтүү Жобону бекитүү тууралуу“ буйругунун негизинде Кара-Гуз айыл аймагында биргелешкен мониторинг жана баалоо иштерин уюштуруп жүргүзүү максатында Кара-Гуз айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу (мындан ары БМжБ тобу) төмөнкү курамда түзүлсүн.

1.Чымынов Эрмамат - жергиликтүү кеңештин депутаты, топтун төрагасы;
2.Балтабаев Кубатбек - жарандык активист, топтун мүчөсү;
3.Мансурова Эркайым - аялдар кеңешинин төрайымы, топтун мүчөсү;
4.Чолпонбаева Бактыгүл - жергиликтүү кеңештин депутаты, топтун мүчөсү;
5.Каденов Токтомамат - аксакалдар сотунун төрагасы, топтун мүчөсү;
6.Каденов Кылычбек - айыл өкмөтүнүн орун басары, топтун катчысы;
7.Таалайбек уулу Урматбек - А/К катчысы, топтун мүчөсү;

2.Биргелешкен мониторингин жана баалоону жүргүзүү жөнүндө Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

3.Жогорудагы түзүлгөн БМжБ тобу Жобого ылайык айыл аймак чегинде аткарылып жаткан иштерге байкоо жүргүзүп, баа берүү жагы тапшырылсын.

4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Жаштар, спорт, маданият жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **С.Ч.Абзаитов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ

КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезектеги он жетинчи сессиясынын жыйналышы

ТОКТОМ № 17/6

2026-жылдын 14-сентябры Жаңы-Талаа айылы

Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Жергиликтүү демилгелерди каржылоо жолу менен жергиликтүү жамаат мүчөлөрүн, алардын бирикмелерин, башка жеке жана юридикалык жактарды жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катышууга шыктандыруу максатында, айыл өкмөтү жергиликтүү демилгелерди тандоо жана аларды ишке ашырууга каралган жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылоо жөнүндө бекитилген жобонун алкагында сынак өткөргөн. Сынактын жыйынтыгында “Калматай айылына фитнес зал уюштуруу” долбоору жеңүүчү деп табылып, Өнүктүрүү саясат институтунан дем берүү иретинде 85 000 (сексен беш миң) сом өлчөмүндө кошумча каржылоого ээ болгондугуна байланыштуу демилгелүү топтун маалыматын угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Өнүктүрүү саясат институту менен гранттык макулдашууну түзүүнүн жана гранттык долбоорду ишке ашыруу максатында биргелешип каржылоо (дем берүүчү) катары берилген гранттын суммасы 85 000 (сексен беш миң) сом Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине киреше бөлүгү 85 000 (сексен беш миң) сомго чыгыша бөлүгү 85 000 (сексен беш миң) сомго өзгөртүлсүн.

2.Ушул токтомдун негизинде Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылга жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы К.Арзибековго жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **С.Ч.Абзаитов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ

КАРА-ГУЗ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезектеги он жетинчи сессиясынын жыйналышы

ТОКТОМ № 17/7

2026-жылдын 14-сентябры Жаңы-Талаа айылы

Кара-Гуз айыл аймагындагы Жетим-Дөбө жана Пор айылдарынын элдик жыйындарынын протоколун бекитип берүү жөнүндө

Кара-Гуз айыл аймагынын Жетим-Дөбө жана Пор айылдарындагы ички чарбалык жолдорду, көпүрөнү, турак жайлардын короосун суунун деңгээли көбөйгөн учурда жар кылып коркунуч абалга келтиргендиктен улам, селдин алдын алуу максатында кайрадан калыбына келтирүү үчүн элдик жыйындардын протоколдорун талкуулап чыгып, Кара-Гуз айылдык Кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1.Кара-Гуз айыл өкмөтүнө караштуу Жетим-Дөбө айылындагы Т.Суранбаев атындагы мектебинин алдыңкы тарабындагы жолго жар жакындагандыктан Кара-Гуз суусунун сол жак тарабын бекемдөө, Жетим-Дөбө айылындагы Жанболот участкасына автоуна өтүүчү көпүрөөнүн таманын бекемдөө, Пор айылына жаан жааган мезгилде Кой-Таш участкасынан түшкөн селди төштүн астына канал казып бир нукка келтирүү максатында Жетим-Дөбө айылынын 2026-жылдын 12-сентябрындагы №4 жана 2026-жылдын 13-сентябрындагы №5-протоколу, Пор айылынын 2026-жылдын 13-сентябрындагы №6-протоколу бекитилсин.

2.Жетим-Дөбө айылындагы Т.Суранбаев атындагы мектебинин алдыңкы тарабындагы жолго жар жакындагандыктан Кара-Гуз суусунун сол жак тарабын бекемдөө, Жетим-Дөбө айылындагы Жанболот участкасына автоуна өтүүчү көпүрөөнүн таманын бекемдөө, Пор айылына жаан жааган мезгилде Кой-Таш участкасынан түшкөн селди төштүн астына канал казып бир нукка келтирип бекемдеп берүү жагы Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Кара-Кулжа райондук бөлүмүнөн суралсын.

3.Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4.Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Депутаттардын Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо,архитектура,курулуш,транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жана Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн Өзгөчө кырдаалдар боюнча адиси Р.Мамановго милдеттендирилсин.

Төрага **С.Ч.Абзаитов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ

КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезектеги он жетинчи сессиясынын жыйналышы

ТОКТОМ № 17/8

2026-жылдын 14-сентябры Жаңы-Талаа айылы

Кара-Гуз айыл аймагынын гимнин бекитип берүү жөнүндө токтомго толуктоо киргизүү жөнүндө

Кара-Гуз айыл аймагынын Кеңеш айылынын тургуну Сарыев Аманилла Сарыевичтин жана Жаңы-Талаа айылынын тургуну Каденов Токтомамат Ажимаматовичтин сөздөрүнөн жазылган жана обону Эргешов Сайдин Бокоевичке таандык Кара-Гуз айыл аймагынын гимни боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы Иса уулу Нурдиндин сунушун талкуулап чыгып, Кара-Гуз айылдык Кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1.Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2024-жылдын 27-декабрындагы №2/10 токтомуна толуктоо киргизилип, Кеңеш айылынын тургуну Сарыев Аманилла Сарыевичтин жана Жаңы-Талаа айылынын тургуну Каденов Токтомамат Ажимаматовичтин сөздөрүнөн жазылган, обону Эргешов Сайдин Бокоевичке таандык гимн Кара-Гуз айыл аймагынын гимни болуп бекитилсин.

2.Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

3.Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Депутаттардын Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин Жаштар, спорт, маданият жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясы жана Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн башчысы Иса уулу Нурдинге милдеттендирилсин.

Төрага **С.Ч.Абзаитов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ

КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 14-сентябры **17/9** Жаңы-Талаа айылы

Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата түзүлгөн жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 мыйзамынын «Жергиликтүү бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү, ошондой эле бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана бюджеттен тышкаркы фонддорду пайдалануу жөнүндө маалыматты угуу жөнүндөгү» 34-беренесинин 2-бөлүмчөсүн жетекчиликке алып жана Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы « Республикалык бюджеттен максаттуу грант түрүндө 3 337 300 сом акча каражатын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата түзүлгөн жергиликтүү бюджетине киришип, Кара-Гуз айыл аймагынын Жаңы-Талаа айылынын башкы планын жаңылоо үчүн (ген план) 1 078 149 сом жана топографиялык изилдөөсүнө 364 199 сом, Кеңеш айылынын башкы планын жаңылоо үчүн (ген план) 1 391 784 сом жана топографиялык изилдөөсүнө 503 168 сом бекитип берүү жөнүндөгү» өтүнүч катын угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат**:

1.Республикалык бюджеттен максаттуу грант түрүндө бөлүнгөн 3 337 300 сом акча каражатын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата түзүлгөн бюджетине киришителсин.

2.Максаттуу грант түрүндө бөлүнгөн 3 337 300 сом акча каражаты Жаңы-Талаа жана Кеңеш айылдарынын башкы планын жаңылоо үчүн (ген план) 2 469 933 сом жана топографиялык изилдөөсүн (топосъемка) даярдоого 867 367 сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

3.Финансылык милдеттенмелерди өз убагында жана толук көлөмдө аткаруу, тиешелүү иш кагаздарын мыйзам талаптарына ылайык даярдап, тариздөө Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Иса уулуна милдеттендирилсин.

4.Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.

5. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **С.Ч.Абзаитов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ

КАРА-ГУЗ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын сессиясынын жыйналышы

ТОКТОМ № 18/1

2026-жылдын 2-октябры Жаңы-Талаа айылы

2026-жылдын 18-19-декабрында Бишкек шаарында өтө турган кезектеги V Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча айыл аймагында боло турган жыйындардын графигин, жумушчу комиссиянын курамын жана жыйындарга жооптуу депутаттарды бекитүү жөнүндө

"Элдик Курултай жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциясынын Мыйзамынын 3,11-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70,71-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы №309 жарлыгын жетекчиликке алып Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңеши т**октом кылат:**

1.Кара-Гуз айыл аймагындагы айылдардан элдик өкүлчүлүктү жыйынга катыша турган өкүлдөрү төмөндөгү сандык курамы бекитилсин:

1.Жаңы-Талаа айылынан --- 9 өкүл
2.Кеңеш айылынан --- 23 өкүл
3.Пор айылынан - 14 өкүл
4.Калматай айылынан - 8 өкүл
5.Жетим-Дөбө айылынан - 10 өкүл
6.Насирдин айылынан - 3 өкүл
7.Алтын-Күрөк айылынан - 4 өкүл
8.Кара-Жыгач айылынан - 9 өкүл

Жалпы 80 өкүл.

2.Кара-Гуз айыл аймагындагы айылдардан элдик өкүлчүлүктү жыйынга өкүлдөрдү көрсөтүү жана V Элдик Курултайга делегаттарды шайлоолорду өткөрүүгө байланыштуу тиешелүү иш-аракеттерди камсыздоо боюнча жумушчу комиссиянын курамы №1-тиркемеге ылайык бекитилсин (№ 1-тиркеме тиркелет).

3.Жыйындарды өткөрүүнүн графиги жана жыйындарды өткөрүү үчүн жооптуу депутаттар № 2-тиркемеге ылайык бекитилсин (№ 2- тиркеме тиркелет).

4. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыялангандан күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы төраганын орун басарына жүктөлсүн.

Төраганын орун басары: **Э.Ж. Мансурова**

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин 02.10.2026-жылдагы № 18/1 токтомуна №1-тиркеме

Кара-Гуз айыл аймагындагы айылдардан элдик өкүлчүлүктү жыйынга өкүлдөрдү көрсөтүү жана кезектеги V Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо тууралуу тиешелүү иш-аракеттерди камсыздоо боюнча жумушчу топтун курамы:

1.Абзаитов Султанбек Чырмашович - Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин төрагасы, жумушчу комиссиянын төрагасы;

2.Таалайбек уулу Урматбек - Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы, жумушчу комиссиянын катчысы;

3.Койлубаев Мирбуба Жуманазарович - № 2 – 9 мандаттуу Жаңы-Талаа шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

4.Мааткеримов Алмаз Маманович - № 3 – 8 мандаттуу Кеңеш-Пор шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

5.Айтиев Жеңиш Жолдошович - № 3 – 8 мандаттуу Кеңеш - Пор шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

6.Солтоев Замирбек Токтомаматович - № 2 – 9 мандаттуу Жаңы-Талаа шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

7.Парманас уулу Исрапил - № 2 – 9 мандаттуу Жаңы-Талаа шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

8.Абдыраев Сталбек Осмоналиевич - № 1 – 4 мандаттуу Алтын-Күрөк шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

9. Эшатов Шералы Үсөнович- № 1 – 4 мандаттуу Кара-Жыгач шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы: У.Таалайбек уулу

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык
Кеңешинин 02.10.2026-жылдагы №18/1
токтомуна №2- тиркеме

МАКУЛДАШЫЛДЫ
Кара-Гуз айыл аймагынын
айыл өкмөтүнүн башчысы:
_____Н.Иса уулу

БЕКИТИЛДИ
Кара-Гуз айыл аймагынын
айылдык Кеңешинин төрагасын:
орун басары_____Э.Ж. Мансурова

Кара-Гуз айыл аймагындагы айылдардан элдик өкүлчүлүктү жыйынга өкүлдөрдү көрсөтүү жана кезектеги V Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттардын жыйындарын өткөрүүнүн

ГРАФИГИ

№	Айылдардын аталышы	Күнү,убактысы	Өтө турган жери	Жооптуу кызматкерлер	Эскертүү
1	Жаңы-Талаа	10.10.2026-ж Саат .14:00	№1 Айылдык аялдама	С.Абзаитов Б.Чолпонбаева Т.Өмүралиева М.Койлубаев с.Сапарбаев З.Сапарбай уулу А.Апызов	
2	Кеңеш	11.10.2026-ж Саат .14:00	Кенеш аялдамасы	Э.Мансурова А.Мааткеримов К.Шакирбаев Ж.Айтиев А.Абдусатар уулу А.Сулайманов М.Айтиев	
3	Пор	12.10.2026-ж Саат .11:00	Т.Сыдыков орто мектеби	Ы.Пусурманкулов И.Абдуллаева Э.Чымынов А.Сулайманов К.Акназар уулу	
4	Калматай	12.10.2026-ж Саат .14:00	А.Калматов орто мектеби	З.Солтоев И.Баридинов А.Апызов С.Максутова	
5	Жетим-Дөбө	13.10.2026-ж Саат .12:00	Спорт залы	О.Арзыкулова И.Парманас уулу Э.Искендер уулу Б.Апсамат уулу А.Эшеналиев	
6	Насирдин	13.10.2026-ж Саат .10:00	Кенеш орто мектеби	М.Ташмамат уулу С.Абдраев Б.Апсамат уулу	
7	Алтын-Күрөк	14.10.2026-ж Саат .12:00	Кенеш орто мектеби	М.Ташмамат уулу С.Абдраев	
8	Кара-Жыгач	14.10.2026-ж Саат .11:00	Түшүнүк орто мектеби	А.Матубраимова Ш.Эшатов С.Маматалиев	

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык
Кеңешинин жооптуу катчысы: **У.Таалайбек уулу**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ

КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын сессиясынын жыйналышы

ТОКТОМ № 18/2

2026-жылдын 2-октябры Жаңы-Талаа айылы

Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаменти менен Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ортосундагы кызматташуу жөнүндө алкактык макулдашууну бекитип берүү жөнүндө

Суу менен камсыздоого жана санитарияга жалпы жеткиликтүүлүк программасынын алкагындагы Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаменти менен Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ортосундагы кызматташуу жөнүндө алкактык макулдашууну бекитип берүү жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысы Иса уулу Нурдиндин маалыматын угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1.Суу менен камсыздоого жана санитарияга жалпы жеткиликтүүлүк программасынын алкагындагы Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаменти менен Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ортосундагы кызматташуу жөнүндө алкактык макулдашуу бекитилсин.(Макулдашуу тиркемеде тиркелет)

2.Макулдашууда Кара-Гуз айыл аймагынын Калматай айылы, Кыз-Мазар участкасы менен жана Жаңы-Талаа айылы Келечек, Көк-Ирим участкалары менен суу чыгарып жеткирип берүү жагы белгиленсин.

3. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыялангандан күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө төраганын орун басарына жүктөлсүн.

Төраганын орун басары: **Э.Ж. Мансурова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ

КАРА-ГУЗ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 27-октябры 19/1 Жаңы-Талаа айылы

«АБанк» ААК аркылуу лизингге атайын техникаларды алуу жана финансылык милдеттенмелерди кабыл алуу жөнүндө

Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Иса уулунун Кара-Гуз айыл аймагынын социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу, аймактын инфраструктурасын өнүктүрүү, калкты сапаттуу муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз кылуу, анын ичинде айыл аймагындагы жолдорду тейлөө, оңдоо жана тазалык иштерин натыйжалуу уюштуруу максатында атайын техникаларды сатып алуу зарылдыгы жөнүндө маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кара-Гуз айыл өкмөтүнө «АБанк» ачык акционердик коому аркылуу «Жеңилдетилген автолизинг-2» программасынын алкагында финансылык ижара (лизинг) шарттарында төмөнкү атайын техникаларды сатып алууга макулдук берилсин:

№	Техниканын аталышы	Саны	Наркы (сом
1.	Самосвал, 25 тонна, 375 ат күчү	1 даана	4 691 476 сом
2.	915FW дөңгөлөктүү экскаватор	1 даана	10959 879 сом
	Жалпы суммасы:	2 даан	15 651 355 сом

2. Сатып алынуучу атайын техникалардын жалпы наркынын 30 пайызын, тактап айтканда, 4695 406,5 сомду Ош облустук өнүктүрүү фондунун каражаттарынын эсебинен баштапкы төлөм катары каржылоо каралсын.

3. Атайын техникалардын жалпы наркынын калган 70 пайызын, тактап айтканда, 10 955 948,5 сомун Кара-Гуз айыл өкмөтү жергиликтүү бюджеттин эсебинен төлөө боюнча финансылык милдеттенмени өзүнө алсын.

4. Лизингдик каржылоо «Жеңилдетилген автолизинг-2» программасынын шарттарына ылайык жылдык 5 пайыздык үстөк чен менен 60 айлык мөөнөткө таризделсин.

5. Лизингдик төлөмдөрдү төлөө графиги 60 айлык мөөнөткө түзүлүп, төлөмдөр квартал сайын бирдей үлүштөр менен «АБанк» ААК тарабынан бекитилген төлөм графигине ылайык жүргүзүлсүн.

6.Лизингге алынуучу атайын техникалар боюнча КАСКО жана ОСАГО камсыздандыруулары үчүн биринчи жылга «АБанк» ААКнын эсептөөлөрүнө ылайык камсыздандыруу суммасы төлөнсүн. Лизингдик милдеттенмелер толук аткарылганга

чейин камсыздандыруу келишимдери жыл сайын милдеттүү түрдө узартылып, тиешелүү камсыздандыруу төлөмдөрү өз убагында жүргүзүлсүн.

7. Атайын техникаларды лизингге тариздөө, тиешелүү документтерди даярдоо жана кредиттик тарыхты текшерүү үчүн каралган төлөмдөр «АБанк» ААКнын эсептөөлөрүнө ылайык төлөнсүн.

8.Кабыл алынган финансылык милдеттенмелерди өз убагында жана толук көлөмдө аткаруу, лизингдик төлөмдөрдү жергиликтүү бюджетте караштыруу жана тиешелүү иш кагаздарын мыйзам талаптарына ылайык даярдап, тариздөө Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Иса уулуна жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы К.Ж. Арзибековго милдеттендирилсин.

9. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

10. Ушул токтом кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **С.Ч.Абзаитов**